| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br>ТОҢ РАЙОНУ<br>АК-ТЕРЕК АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ<br>КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТОНСКИЙ РАЙОН<br>МЕСТНЫЙ КЕНЕШ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА<br>АК-ТЕРЕК** |

**Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин**
**VIII чакырылышынын VII кезексиз сессиясы**

# ТОКТОМ

2025-жылдын 22-июлу №113 Кара-Коо айылы

## Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү бюджетинин киреше бөлүгүн көбөйтүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Салык Кодексинин 388 жана 404-беренелерине ылайык (КР СК 388 жана 404 берене нарктык зоналардын чектери, ошондой эле 0,3 төн 2ге чейинки өлчөмдө) турак эмес имараттар, курулмалар жана жайлар, ошондой эле калктуу конуштарды жана айыл чарба багытындагы эмес жер участокторy боюнча колдонулуучу зоналдык коэффциентти (Кз) , Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү бюджетинин киреше бөлүгүн көбөйтүү максатында, салыктарга эсептелинүүчү зоналдык коэфициенти 1,5 коэфициентке көтөрүү боюнча, Ак-Терек айыл өкмөтүнүн социалдык экономикалык өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы К.Абдыраевдин билдирүүсүн угуп жана Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин бюджет, экономика, инвестиция, тышкы байланыш боюнча туруктуу комиссиянын чечимин угуп, талкуулап Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү Кеңеши **токтом кылат:**

1. Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү бюджетинин киреше бөлүгүн көбөйтүү максатында Кыргыз Республикасынын Салык Кодексинин 388 жана 404-беренелерине ылайык (КР СК 388 жана 404 берене нарктык зоналардын чектери, ошондой эле 0,3 төн 2ге чейинки өлчөмдө) турак эмес имараттар, курулмалар жана жайлар, ошондой эле калктуу конуштарды жана айыл чарба багытындагы эмес жер участоктору боюнча колдонулуучу зоналдык коэффциентти (Кз) 1,5 кылып бекитип берүүгө макулдук берилсин.

2. Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Ак-Терек айыл өкмөтүнүн социалдык экономикалык өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы К.Абдыраевга милдеттендирилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин бюджет, экономика, инвестиция, тышкы байланыш боюнча туруктуу комиссиянын төрайымы Т.Ормуковага тапшырылсын.

**Төрага** **С. Эркинбек уулу**